КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги XVII сессиясынын №128/17-9 ТОКТОМУ

29-август, 2026-жыл **Талас шаары**

“Талас шаарынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Талас шаардык кенешинин 2019-жылдын 23-декабрындагы №234/35-7 сандуу токтому менен бекитилген “Талас шаарынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу боюнча Жобосу жана Талас шаарынын мэриясынын 27.08.2026-жылдагы №01-19/3764 чыгыш сандуу катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 35 жылдык майрамына карата, Талас шаардык кенешинин “Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери, көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Талас шаардык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү - Джумаев Эрмат Джумаевичке;
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Байжигитов Максат Мухтаровичке;
3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппарат жетекчиси Жамакеев Эмилбек Мадылбековичке
“Талас шаарынын Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.
4. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Талас шаардык кеңешинин “Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери, көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Изабеков Д.З.) тапшырылсын.

Төрага **К. Джаныбеков**